**УДК:81.373**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-556-562**

**Жолдошалиева Н.А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Nargiza_ipk@mail.ru
**Ажымамбетова Д.Т.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Dilbara-ipk@mail.ru

# СӨЗ – ЛЕКСИКАЛЫК БИРДИК

**Аннотация:** Сөз түшүнүгүнүн аныктамасы бүтүндөй лексикологияда жана тил илиминде өзгөчө татаал маселе болуп эсептелгендиктен, көптөгөн лингвисттер сөздүн белгилерин көрсөтүү менен аны ар тараптан ачып берүүгө аракенттерди кылышкан. Сөз лексиканын негизги бирдиги катары (тилдин лексикалык деңгээли) тил системасынын эң маанилүү, борбордук бирдиги болуп эсептелет. Сөз – чындыктын кубулуштарын белгилөөгө, адамдын сезимдерин, эмоцияларын жана эрк-ниетин билдирүүгө жөндөмдүү тилдин эң кыска бирдиги. Ал тилдик анализдин тыбыштык, маанилик жана грамматикалык ар кандай аспектилеринде баса белгиленген белгилерди бириктирет. Сөз тилдин негизги элементи деп эсептелип, психологиялык чындыкты чагылдырат, адамдар бири-бири менен сөз, сөз айкаштары жана сүйлөмдөр аркылуу баарлашып, мамиле түзүү каражаты катары кызмат кылат.

Макала «сөз» терминин атайын тилдин лексикалык бирдиги катары сүрөттөөгө арналган. Терминди түшүнүү максатында боюнча ар кандай көз караштарды карап чыгып, ерминди лексикалык, грамматикалык жана семантикалык табиятын аныктоого арналды.

**Негизги сөздөр:** сөз, маани, лексикалык маани, грамматикалык маани, тил, структура, таанып-билүү, тыбыш, структура, байланыш, түшүнүк, семантика.

**Жолдошалиева Н.А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
Nargiza_ipk@mail.ru
**Ажымамбетова Д.Т.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
Dilbara-ipk@mail.ru

# СЛОВО – ЛЕКСИЧЕСКАЯ ЕДИНИЦА

**Аннотация.** Поскольку определение понятия слова является особенно сложной проблемой в лексикологии и лингвистике в целом, некоторые лингвисты пытались раскрыть его во всех аспектах, показывая признаки слова. Слово как основная единица словарного запаса (лексического уровня языка) считается важнейшей, центральной единицей языковой системы. Слово-это кратчайшая единица языка, способная обозначать явления реальности, выражать человеческие чувства, эмоции и волю. Слово объединяет знаки, выделенные в различных аспектах лингвистического анализа, звуковых, смысловых и грамматических. Слово считается основным элементом языка и отражает психологическую реальность, служа средством установления отношений, когда люди общаются друг с другом с помощью слов, фраз и предложений.

Статья предназначена для описания термина "слово" как лексической единицы языка. Рассматривая различные точки зрения данного термина с целью его понимания, определению лексической, грамматической и семантической природы.

**Ключевые слова:** слово, значение, лексическое значение, грамматическое значение, язык, структура, познание, звук, структура, связь, концепция, семантика.

**Zholdoshalieva N.A.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Nargiza_ipk@mail.ru
**Azhymambetova D.T.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Dilbara-ipk@mail.ru

## WORD IS A LEXICAL UNIT

Since defining the concept of a word is a particularly difficult problem in lexicology and linguistics in general, some linguists have tried to reveal it in all aspects by showing signs of the word. The word as the basic unit of vocabulary (lexical level of the language) is considered the most important, central unit of the language system. A word is the shortest unit of language capable of denoting the phenomena of reality, expressing human feelings, emotions and will. The word combines signs highlighted in various aspects of linguistic analysis, sound, semantic and grammatical. The word is considered the main element of language and reflects psychological reality, it serves as a means of establishing relationships when people communicate with each other using words, phrases and sentences.

The article is intended to describe the term "word" as a lexical unit of the language. Considering the various points of view of this term in order to understand it, determine the lexical, grammatical and semantic nature.

**Keywords:** word, meaning, lexical meaning, grammatical meaning, language, structure, cognition, sound, structure, connection, concept, semantics.

Сөз – өз табиятында татаал категория, ал тил илиминин кайсы гана областында болбосун, окутуунун предмети болуп келет. Тил илиминин баардык бөлүмдөрү тилди өзүнүн объектиси деп эсептейт. Бул сөздүн көп кырдуу экендиги менен түшүндүрүлөт. Ал фонема, морфемадан турат, сөздөн тышкары алар жашай албайт, жашай алышы да эч мүмкүн эмес. Фонема, морфема жана маани өз алдынча законченемдүүлүктөргө ээ, бирок качан гана алар биригип, бир бүтүндүктү түзүү менен гана сөздү жаратышат. Сөз-объектилерди жана белгилерди белгилөө (атоо) үчүн кызмат кылган тилдик бирдик. Сөз – тилдин негизги лексикалык бирдиги, ал мааниге ээ тыбыштардын комплекси болуп саналат. Анын материалдык негизи – тыбыштык түзүлүшү. Ал эч кандай көрүнүш чындыкты чагылдырбайт. Сөз лексиканын негизги бирдиги катары (тилдин лексикалык деңгээли) тил системасынын эң маанилүү, борбордук бирдиги болуп эсептелет. Бул чындыктын кубулуштарын (буюмдарды, белгилерди, аракеттерди, абалдарды, мамилелерди ж.б.) белгилөөгө, адамдын сезимдерин, эмоцияларын, эрк-ниетин билдирүүгө жөндөмдүү тилдин эң кыска бирдиги. Сөздөр адамдардын баарлашуу каражаты катары кызмат кылуу, алардын ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү камсыз кылат.

Буга өз учурунда көптөгөн лингвистикалык илимий эмгектерде абдан көп көңүл бурулган. «Тил жөнүндө сөз болгондо, баарынан мурда «сөзгө» маани берилет. Сөздөрдү билбей туруп, тилди билүү, аны колдонуу мүмкүн эмес. Бул өзгөчө чет тилдерди үйрөнүүдө ачык байкалат. ... Дал ушул көп сандагы сөздөрдү билүү жана аларды колдоно билүү тилди билүү деңгээлин аныктайт. Ошондуктан сөз тилдин маанилүү элементи болуп саналат» [5,143-б.].

Сөздүн лексикалык маанисинин курамында таанып билүү жана ой жүгүртүү процесстери менен байланышкан элементтер (семалар) бар. Баардык сөздөр объективдүү дүйнө менен байланышта, маселен, сүйлөөчүнү угуучу так, даана түшүнүп жаткан учурду айтсак болот. Эгерде, тескерисинче, сөз объективдүү дүйнө менен байланышпаса, берилип жаткан информация тигил же бул деңгээлде жеткиликтүү болмок эмес же адамдар бири-бирин түшүнүшмөк эмес. Бул жерде таанып билүү процесси адам баласынын объективдүү дүйнөнү аңдап түшүнүп, алардын табиятка болгон көз карандылыгын жоготууга шарт түзүп турат. Албетте, бул байланыштын өзүнүн законченемдүүлүктөрү бар. Аларды аныктоо бир нече илимдин жетишкендиктерин пайдаланууну талап кылат.

Сөз кандай элементтерден турат, ал элементтер өз ара кантип байланышкандыгы тууралуу илимий жактан так чечмелене элек. Бирок, албетте, жалпы тил илиминде сөз атайын изилдөөнүн объектиси болгон эмес дегендикке жатпайт, тескерисинче, сөз көптөгөн лингвисттердин талкууларында негизги тема болуп келген. В.В.Виноградов сөзгө төмөнкүдөй аныктама берген: «Сөз – форманын жана маанинин системасы, тилдин грамматикалык категорияларынын уюгу болуп саналат» [1, 25-б.].

Окумуштуулардын бир катарлары сөздүн табияты жана касиети ар тилде ар башкача болот, сөзгө так аныктама берүү мүмкүн эмес деген жыйынтыкка келишкен. Мисалы: Л.В.Щерба: «Чындыгында, «сөз» деген эмне? Менин оюмча, ар тилде ар башкача болот» деп айткан [8, 39-б.]. М.Н.Петерсон да ушул ойдо болгон. Биринчиден, бул эки окумуштуу тең сөздүн проблемаларына атайын кызыгышкан эмес. Экинчиден, ошол мезгилде сөздүн составдык элементтери баардык жактан изилденген эмес. Үчүнчүдөн, алар сөзгө ар бир тилде өзүнчө эмес, негизи эле тилде аныктама берүү мүмкүн эмес деп эсептешкен. Чындыгында, сөзгө аныктама берүүдө ар тараптан изилдөө, анын табиятын билүү, составдык элементтерин аныктоо, анын белгилеринин кайсынысы негизги, кайсынысы кошумча экенин

аныктоо керек. Ушул ойду толуктап М.Д.Степанова төмөндөгүдөйдеп жазган: «Сөзгө ар тилде универсалдуу түшүнүк берүү– сөздү туура эмес түшүндүрүүнүн себеби болуу менен, берилген аныктама бир жактуу болуп саналат» [6, 200-б.]. Демек, сөзгө так аныктама берүү эч мүмкүн эмес.

Кээ бир сөздөр лексикалык мааниге ээ эмес. Мындай сөздөргө жардамчы сөздөр гана эмес, толук маанилүү сөздөр да кирерин окумуштуулардын бир катарлары белгилешкен. Мисалы, качан ат атооч өзүнчө турганда, сүйлөмдүн составына кошулбаганда, анда алар белгилүү бир предметти же түшүнүктү атай албайт дешкен.

Ат атоочтор лексикалык мааниге ээби? деген суроо бизди кызыктырат. Албетте, ээ. Аларды сүйлөмдүн гана ичинде мааниге ээ болуп, андан сырткары мааниге ээ эмес деп айтууга болбойт. Сөздүн маанисин аныктоо контекст үчүн чоңмааниге ээ.Ат атоочтордун лексикалык мааниси башка сөз түркүмдөрүнө салыштырмалуу кеңири. ***Мен*** ат атоочу сүйлөмдүн составында кездешпеген учурда да сүйлөөчү жакты, ал эми ***сен*** ат атоочу угуучу жакты, ***ал*** ат атоочу башка үчүнчү жакты түшүндүрөөрү бизге белгилүү. Кырдаалга жараша, сүйлөөчү, угуучу жана үчүнчү тарап да өзгөрүп турат. Бул ат атоочтор мезгил жана орун түшүнүктөрүнүн өзгөрүшү менен өзгөрөт. Эгерде ыраактагы предметти көрсөтүү үчүн ***ошол, тигил*** ат атоочтору, ал эми ал предметке жакынды көрсөтсө ***мына*** ат атоочу колдонулат. ***Тигил, мына*** ат атоочтору бирдей түшүнүктөр, алардын ортосундагы аралык түшүнүгү экөөнү айырмалап турат.

Демек, ат атоочтор лексикалык мааниге ээ. ***Мен,сен*** ат атоочтору сүйлөөчү жана угуучу тарапты туюндуруп, сүйлөм ичинде башка сөздөрдүн ордуна (Асан, Үсөн ж.б.) колдонулуп, сүйлөм ичинде аныкталат. Жактама ат атоочтор зат атоочтордун ордуна (жандуу зат атоочтор) колдонулат. *Бул ким? **Мен.*** **Мен** деген баардык адамдар. **Бул** деген баардык нерселер.

Полисемантизм бардык тилдерде кездешет, «айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок маанилери ар башка сөздөр». Омонимдеги сөздөр да бир нече мааниге ээ (кеминде 2 маани). Маселен, ***ак (агуу)*** этишинин бир нече маанилерин келтирели. 1. Суунун ылдый көздөй агышы; 2. Адамдардын же башка предметтердин суунун агымы көздөй агылышы; 3.Суюктуктардын суу, кан, жаш, шилекей ж.б. куюлуу, төгүлүү маанисинде; 4. Тамак аш, эттин кемүү, азаю, тартылуу мааниси; 5. Катуу чуркоо, зымыроо, октой учуу маанисинде; 6. Баардык көптүк, молдук, кененчилик.

***Агуу*** этишинин баардык маанилери контексттен көз каранды. Мисалы, *Бала сууга агып кетти. Ыйласын, көздөн жаш аксын. Ишим акпай калды. Көзү аксын.* Мындай окшош көрүнүштөр төмөнкүдөй ырастоолордун негизи болот: 1. «Сөздүн мааниси контексттин жыйындысы болуп саналат» 2. «Сөз контексттен тышкары эч нерсени түшүндүрө албайт». Бул көз караштарды караганыбызда, бул экөө тең контексттин ролун кеңейтип жана сөздүн өз алдынчалуулугун жокко чыгарат.

Полисемия түшүнүгү дүйнөдөгү баардык тилдерге тиешелүү. Ар бир сөзгө бир гана маани туура келиш керек деген ойду орус ж.б. тилчилер да ырасташкан. Мисалы, А.А.Потебня мындай деп жазган: «Каякта эки маани болсо, ал жерде эки сөз болушу керек» же «Сөздөгү кичинекей маанилик өзгөрүү болсо, ал сөз башка сөз болуп калат» [4, 179-б.]. Полисемантикалык сөздөрдүн мааниси контекст менен аз даража болсо да байланышы барбы деген суроо тилчилердин тынчын алып келгендиги белгилүү. Жогорудагы мисалда келтирилген ***агуу*** этишинин экинчи мааниси кайсы контекст менен байланыштуу болуп калат. *Адам акты, бак акты, ат акты, балдар акты, өтүк акты* ж.б. айкаштарынын

типтеринин санын кеңейтүүгө болобу? Булардын ичинен кайсынысы ***агуу*** этишинин маанисин туюндуруп турат. Контексттин ролу конкреттүүлүктө, сөздөрдүн маанилеринен четтелишинен аныкталат деп эсептейбиз.

Сөздүн семантикасын изилдөө тилдин теориясынын өнүгүшүнө гана эмес, практикалык жактан да зарыл маселе болуп саналат. Бул маселе тилчилердин жана ошондой эле философтордун, психолог, семиотиктердин да талаш-тартыш жана талкууларынын предмети болуп келет. Философтор байыркы убакта эле сөздүн семантикасын башка категориялар менен, тактап айтканда,таанып билүү теориясы менен байланышарынбелгилешкен. Ал эми тилдин философиясы тууралуу азыркы мезгилде философтор гана эмес тилчилер да алектенип келишет.

Сөз деген эмне? деген салттык суроо семасиология тууралуу бардык илимий эмгектерде сап башында турат. Баарыдан мурда, сөздүн мааниси жөнүндө ой жүгүртүүдө, анын лексикалык жана грамматикалык маанилери да бар экендигин унутпашыбыз керек. Семасиологиялык изилдөөлөрдө окумуштуулар аң сезимдүү түрдө лексикалык мааниси жөнүндө гана сөз кылышат. Сөздүн лексикалык мааниси – лексикологиянын жана грамматиканын да изилдөө объектиси экендиги талашсыз. Бул эки маани өтө тыгыз байланышта. Дагы айта турган болсок, эгерде сөз грамматикалык жактан өзгөрүүгө учураса, анда анын лексикалык мааниси өзгөргөн учурлар да кездешет. Советтик тилчилер, марксистик-лениндик методологиянын жактоочулары сөз маанилерин (лексикалык жана грамматикалык) адамдын аң сезиминдеги объективдүү дүйнөнүн предметтеринин образдарын жалпылоо менен байланышкан көрүнүш катары эсептешкен.

Чет элдик, ошондой эле советтик тилчилердин арасында да сөздүн өз алдынча эмес, ал качан башка сөздөр айкашканда гана лексикалык мааниге ээ деп эсептешкен изилдөөчүлөр бар. В.А.Звегинцев мындай деп жазат: «Лингвистикалык таза планда сөздүн мааниси лексикалык валенттүүлүктү түзүп турган башка сөз менен айкашуунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгүндө аныкталат» [3, 384-б.]. Валенттүүлүк – бул тилдик факт, абстрактуу жана системалуу мүнөзгө ээ, тилдик бирдиктердин потенциалдуу айкашуусу. [2, 33-б.].

Негизи эле, маанини (сөздүн мааниси) түшүнүк менен салыштыруу азыркы тилчилерди жана логиктерди канааттандырган эмес, алар маани менен түшүнүктүн ортосундагы байланыштын бар экенин айтышкан. Бирок биздин оюбузча, маани – адамдын аң сезиминдеги объективдүү предметтин образынын (түшүнүктүн) чагылдырылышы. Демек, алардын ортосундагы байланышты белгилеп, айырмачылыктарын ажыратсак туура болсо керек. Бирок, биринчи кезекте, сөздүн мааниси тилдин законченемдүүлүгүнө таянган категория,ал эми түшүнүк ой жүгүртүү законченемдүүлүгүнө таянган логикалык категория болуп саналарын эстен чыгарбышыбыз керек. Ошондуктан бул эки категорияны окшош, бирдей деп эсептөөгө болбойт.

Сөздүн мааниси канчалык татаал болгон учурда да, аны анализдеп, негизги мүнөзүн ачып, ага аныктама берүүгө болот. Жогоруда белгиленгендей, сөз эки маанилик түргө ээ: лексикалык жана грамматикалык. Бирок лексикалык маани сөздү объективдүү дүйнөнүн предмети менен байланыштырып, жетектөөчү функция аткарат. Грамматикалык маани өз алдынча жашай албайт, сүйлөмдүн составында гана сөз менен жана сүйлөм мүчөлөрү менен айкашып, активдүү функция аткарат. Эгерде сөздү кеңири алып карасак, грамматикалык жана лексикалык маани өз ара байланышта, кээде экөөнүн ортосундагы айырмачылыктарды аныктоого мүмкүн эмес. Өзгөчө кызматчы сөздөргө көңүл буруу керек. Октябрь дооруна чейин орус тилчилери кызматчы сөздөр лексикалык мааниге ээ эмес деп белгилешкен.

Ф.Ф.Фортунатов сөздү «толук» жана «жарым жартылай» эки топко бөлүп, «жарым жартылай» сөздөр лексикалык мааниге ээ болбойт деген. Автордун бул ою боюнча «жарым жартылай» сөздөр эч кандай лексикалык мааниге ээ болбойт дегендикке жатпайт, алар өз алдынча турганда эч кандай мааниге ээ болбостон, башка толук маанилүү сөздөр менен айкашканда алардын маанисин толуктап турат [7, 44-б.].

Сөздөр лексикалык жана грамматикалык мааниге ээ. Бул кызматчы сөздөргө да тиешелүү. Бирок маанилүү сөздөр менен кызматчы сөздөрдүн лексикалык маанилерин салыштырып кароого болбойт, андыктан алар ар кандай касиетке ээ. Кызматчы сөздөр өз алдынча эч кандай лексикалык мааниге ээ болбойт, маанилүү сөздөр менен айкашканда алардын маанилерин толуктайт, аларды биз кызматчы сөздөр деп атайбыз жана маанилүү сөздөрдөн ажыратып карайбыз. Мисалы, ***үчүн*** сөзү максатты туюндурса, ***карай, чейин, дейре*** сөздөрү багытты, ***эң, гана*** сөздөрү күчөтүү же чектөө маанисин, ***алды, арты*** сөздөрү мейкиндикти, ал эми ***башта, келди*** жардамчы этиштери *чыга баштады, көрүп келди* деген айкаштарда кыймыл аракеттин баштапкы фазасын туюндуруп атат.

Лексикалык жана грамматикалык маанилер объективдүү дүйнө менен байланышта болуп жана анын предметинин белгилүү бир бөлүгүн чагылдырып турарын белгилүү болду. Лексикалык маани да жана грамматикалык маани да объективдүү дүйнөнүн предметин, көрүнүшүн же предметтин өз ара байланышын жалпылап турат, бирок лексикалык жана грамматикалык маанинин ортосунда айырма бар, алардын өзүлөрүнүн өнүгүп өсүү законченемдүүлүктөрү бар. Лексикалык жалпылоо предметти сезип туюу аркылуу ишке ашат. Бул сезип туюу акырындык менен белгилүү бир тыбыштардын комплексине айланып жана лексикалык маанинин ядросун түзөт же уюштурат. Белгилүү бир убакыт ичинде колдонулуп, көп жолу кайталанып, сөз окшош белгилерге ээ болуп жана жыйынтыгында грамматикалык маани калыптанат. Грамматикалык маани сөздүн лексикалык маанилеринин жалпыланышынын негизинде калыптанат жана ал бир сөздүн өзүнө гана эмес, белгилүү бир сөздөрдүн топтомуна таандык болуп калат. Мисалы, мезгилдик маани баардык этиштерге, көптүк маани баардык атооч сөздөргө таандык. Бул кээ бир окумуштуулардын грамматикалык маанини формалдык, ал эми лексикалык маанини – сөздүн предметтик белгилери деп айтышына себеп болгон. Зат атоочтор предметтик маанини, сын атоочтор – сапат, белги, ал эми этиштер – иш аракет, предметтин ал-абалын түшүндүрөт. Бирок предмет, сапат, белги, иш-аракет объективдүү дүйнө болуп эсептелинеби? Кайсы предмет объективдүү дүйнө деп эсептелсе, анда ал объективдүүлүк сапатка жана иш-аракетке ээ болот. Уңгулук морфема аркылуу берилген маани (лексикалык) бир тилден экинчи тилге грамматикалык формалардын (грамматикалык маани) жардамы менен берилет.

Грамматикалык маани өзүнөн өзү пайда болбойт, ал лексикалык маанинин негизинде пайда болот. Бул көрүнүш бардык грамматикалык категорияларга таандык. Кээ бир окумуштуулар бул суроону грамматикалык форма менен байланышта чечишкен. Бирок биздин көз карашыбызча, грамматикалык мааниси сүйлөмдүн ичинде гана жасалат жана сүйлөмдөн тышкары жашай албайт.

Жыйынтыктап айтканда, бардык эле сөздөрдүн лексикалык составында грамматикалык маанилердин элементтери да кездешет; экинчиден, лексикалык да, грамматикалык маанилер да объективдүү дүйнөнүн көрүнүшүн же предметтин жана алардын карым-катнаштарын чагылдырат; үчүнчүдөн, лексикалык маани өз алдынчалыкка ээ, ошондуктан ал грамматикалык маанини өзүнүн артынан ээрчитип жүрөт; төртүнчүдөн,

грамматикалык маани грамматикалык форма аркылуу берилсе, ал эми лексикалык маани уңгулук морфема аркылуу берилет.

**Пайдаланылган илимий адабияттардын тизмеси.**


1. *Виноградов* В В. *Основные типы лексических значений слова* // Вопросы языкознании. – *1953*. – № 5. – С. 3-29.
2. Жолдошалиева Н.А. Тил илиминде валенттүүлүк түшүнүгү / И.Арабаев атын. КМУнун жарчысы. Лингвистика институту. Филологиялык илимдер. Чыгарылыш 9. – 33-б.
3. Звегинцев, В.А. Очерки по общему языкознанию / Московский ордена Ленина государственный университет им. М.В. Ломоносова – М.: Изд-во, Моск. ун-та, 1962. – С.384.
4. Потебня А.А. Мысль и язык. Китепте: Хрестоматия по истории русского языкознания. – М. 1977, – С. 179-204.
5. Соссюр Ф.де. Труды по языкознанию. / – *М*: «Прогресс». *1977*. – С.33.
6. Степанова М.Д. Методы синхронного анализа лексики. – М.: "Высшая школа", 1968. – С. 200.
7. Фортунатов Ф.Ф. Избранные труды. – М: Учпедгиз, 1956. – С.446.
8. Щерба Л.В. Очередные проблемы языкознания. Китепте: Языковая действительность. – Л. 1974. – С.39-59.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Сабитова Э.С.**